# Жаңы Келишим дүйнөсү

# Тесттин суроолоруна жооптор

## 1-сабак

1. **Батыштан Чыгышты көздөй бет алганда Палестинанын үч географиялык аймагын атагыла.**
   Жээктеги тоо кыркалары   Тоолу жердин борбору   Иордан өрөөнү

2. **Ыйсанын кызматы үчүн Самария эмнеси менен маанилүү болгон?**
   Ал Иудея менен Галилеянын ортосунда жайгашкан. Көбүнчө жүйүттөр ал жерден өтүүдөн качышкан. Ыйса ал жакка кудуктун жанындагы аялга кызмат кылуу үчүн барган.

3. **Улуу Ирод менен жүйүттөрдүн ортосундагы мамилени сүрөттөп бергиле.**
   Ирод жүйүттөдү урматтаган. Ал ийбадаткананы оңдоп салган жана тамак-ашка тиешелүү мыйзамдарды аткарган, бирок ал аябай кызганчаак болчу: ал атаандаш-  падышаны жок кылуу үчүн Бейт-Лехемдеги наристелерди өлтүрүүгө буйрук берген.

4. **Ироддун кайсы баласы Ыйсаны сотко тартууга катышкан?**
   Галилеянын башкаручуусу, Ирод Антипа

5. **Грек тили алгачкы жыйындын өнүгүүсүнө кандай үч жол менен өбөлгө түзгөн?**
   Жакшы кабарды бөлүшсө болот турган кеңири таралган тил.
   Богословиялык түшүнүктөрдү так түшүндүрүүгө мүмкүн болгон тил.
   *Септуагинта* – Байыркы Келишимдин грек тилине котормосу.

6. ***pax Romana* сөзүнө *аныктама бергиле.***
   Рим дүйнөсү, Рим империясында салыштырмалуу коопсуз саякаттоого мүмкүнчүлүк берген.

7. **Жүйүт коомчулугунда синагогалар болгону чоң мааниге ээ экенин көрсөткөн төрт белгини санап бергиле.**
   Диний табынуулар
   Диний жана жарандык иштер үчүн жергиликтүү сот
   Коомдук ишмердүүлүк
   Балдарга билим берүү

**8. Фарисейлер менен машайакчылардын ортосундагы кайсы окутуулар окшош болгон?**

Тирилүү, Периштелер, сыйынуу, Машайактын келиши жана Байыркы Келишимди урматтоо.

**9. Ыйса фарисейлердин эмнесин ашкерелеген?**

Алардын ишенимин эмес, иш-аракеттерин.

**10. Фарисейлер менен саддукейлердин ортосундагы негизги айырмачылыктар кайсы?**

Саддукейлер пайгамбарчылык китептерди, ошондой эле жүйүттөрдүн периштелер, рухтар жана тирилүү жөнүндөгү ортодоксалдык окутууларын четке кагышкан.

## 2-сабак

1. **Эмне үчүн биринчи үч Жакшы Кабар синоптикалык деп аталат?**
   Алар бир эле окуяга үч көз караш менен кароону камсыз кылат.

2. **Матай жазган Жакшы Кабар жүйүт угуучуларына багытталганына үч далил келтиргиле.**
   Каалаган үчөө:
   Автор жүйүт салттарын түшүндүрүп бербейт.
   Байыркы Келишимдеги үзүндүлөрдү көп колдонуу.
   Ыйсанын Байыркы Келишимдин пайгамбарчылыктарын аткаруусуна көңүл буруу.
   «Кудайдын падышалыгы» деген фразанын ордуна «Асман падышалыгы» деген фразаны колдонуу.

3. **Матай жазган Жакшы Кабардын үч негизги темасын атагыла.**
   Ыйса – Байыркы Келишимдеги пайгамбарчылыктардын аткарылышы
   Ыйса – Падыша
   Ыйсанын насааттары

4. **Марк жазган Жакшы Кабардын үч негизги темасын атагыла.**
   Ыйса – кул Ыйса – Кудайдын Уулу Машайактын сыры

5. **Маркта Машайактын сыры менен байланышкан үч категорияны санап жана түшүндүрүп бергиле.**
   Жиндер: Ыйса алар менен байланышкан эч кандай элестетүүнү каалаган эмес.
   Айыгуулар: Ыйса айыгууну калааган адамдардын тобунан кысымдардан качкан.
   Шакирттер: Алар дагы эле анын Машайак катары келген ролун түшүнүшкөн эмес.

6. **Теопил жөнүндө эмнелерди билебиз? Лука жөнүндөчү?**
   Теопил рим кызматчысы болгон, балким жаңы кайрылып калгандардан болгон.
   Лука бутпарас, Пабыл менен чогу саякаттаган доктур болгон.

7. **Халкидон ишеним символунда Ыйсанын табияты жөнүндө эмне деп айтылат?**
   Ал толук Кудай жана толук Адам.

8. **Лука жазган Жакшы Кабардын төрт негизги темасын атагыла.**
   Ыйса – Адам Уулу Ыйса – дүйнөнүн Куткаручуусу
   Сыйынуунун маанилүүгү Ыйык Рухтун маанилүүлүгү

**9. Лука жазган Жакшы Кабардан Ыйса коомдун эң төмөн катмарына кызмат кылганына үч мисал келтиргиле.**

Каалаган үчөө: койчулар, аялдар, самариялык адам, Закай, айкаш жыгачтагы Каракчы

**10. Ыйса жерде жашаган учурдагы Ыйык Рухтун иштеринен үч мисал келтиргиле.**

Каалаган үчөө:
Жакан Чөмүлдүрүүчү, Элизабет жана Захария,
Ыйса Мариямдын боюна бүтөөрдө, анын үстүнө Ыйык Рух түшкөн
Шымыйон
Ыйсанын чөмүлдүрүлүүсү
Ыйсанын азгырылуусу
Ыйсанын Галилеядагы кызматы

**3-сабак**

1. **Эмне себептен Жакан жазган Жакшы Кабардын авторлугун ырастоо үчүн Поликарптын күбөлөндүрүүсү өзгөчө маанилүү?**

   Поликарп Жакандын шакирти болгон

2. **Автор бул Жакшы Кабарды кандай максат менен жазган?**

   «Булар болсо Ыйсанын Кудайдын Уулу, Машайак экенине ишенишиңер үчүн жана ишенип, Анын ысымы аркылуу өмүргө ээ болушуңар үчүн жазылды».

3. **Жакшы Кабардын текстинен Жакандын максатын кантип көрсө болот?**

   Ал Ыйсанын – Машайак экенин далилдеген жети «жышаанды» сүрөттөп берген.
   Ал Ыйсанын Анын кудайлыгы жөнүндөгү күбөлөндүрүүнү кошкон.

4. **Жакшы Кабардын башталышы Ыйсанын санжырасы жөнүндө эмне дейт?**

   Бул Ыйсаны түбөлүк Кудайдын Сөзү катары тартуулаган «кудайлык санжыра».

5. **Жакандын жети «жышаанын» санап бергиле.**

   Каанадагы суунун шарапка айлантуу
   Суу үстүндө басуу
   Капернаумдагы жүз башынын баласынын айыгышы
   Тубаса сокурдун айыгышы
   Бетезда көлүндөгү шал оорулуунун айгышы
   5000 адамды тойгузуу
   Лазардын тирилиши

6. **Ыйсанын кудайлыгы жөнүнө Анын күбөлөндүрүүсүнөн үч мисал келтиргиле.**

   Ыйсанын Никедимге күбөлөндүрүүсү.
   Ыйсанын Самариялык аялга күбөлөндүрүүсү.
   Ыйсанын Бетездада айыктыргандан кийинки күбөлөндүрүүсү.
   Ыйсанын 5000 адамды тойгузгандан кийинки күбөлөндүрүүсү.
   Ыйсанын алачык майрамындагы күбөлөндүрүүсү.
   Ыйсанын «Мен Ыбрайымдан мурун эле бар болчумун» деген күбөлөндүрүүсү.

7. **Жүйүт жетекчилери Ыйсанын кудайлыгы жөнүндөгү билдирүүсүнө кандай жооп кайтарышкан?**

   Алар Аны өлтүрүүгө аракет кылышкан.

**8. Ыйса «ыйык кызмат кылучуунун сыйынуусунда» кайсы үч нерсе үчүн сыйынган?**

Өзү жөнүндө, Ал Атасы аркылуу даңкталыш үчүн
Шакирттери жөнүндө: алардын сакталуусу үчүн жана жарык болушу үчүн.
Баардык ишенгендер үчүн: алардын биримдиги дүйнөгө күбөлөндүрүү болушу үчүн.

**4-сабак**

1. **Эмне үчүн Эфес Пабылдын жакшы кабар таратуу стратегиясында маанилүү болгон?**

   Бул Асия провинциясынын борбору болгон.

2. **Эмне үчүн Рим Пабылдын жакшы кабар таратуу стратегиясында маанилүү болгон?**

   Ал Рим империясынын борбордук шаары болгон.

3. **Кайсы Рим императору алгачкы жыйынды куугунтуктоо менен байланышкан?**

   Нерон жана Домициан.

4. **Эмне үчүн Элчилер иштери китебинин жазылган убактысы болжол менен 50 жылдардын аягы, 60 жылдардын башына туура келет?**

   Элчилер иштери китебинин аягында Пабыл үй камагында болгон. Ал алдыдагы кыйынчылыктарга жолуга элек болчу.

5. **Элчилер тараткан негизги кабардын – *керигманын* үч аспектисин санап бергиле.**

   Ыйса Машайактын Эгедерлиги.
   Жакшы Кабардын тарыхый чындыгы.
   Ишеним аркылуу ырайым менен куткарылуу.

6. **Машаякчылыктагы эң биринчи азап чегүүчү ким?**

   Степан.

7. **Алгачкы жыйынды куугунтуктоо жакшы кабар үчүн кандай рол ойногон?**

   Бул машайакчыларды Иерусалимден сырткары түртүп чыгарып салган.

8. **Эл аралык маданиятка ээ болгон, биринчи кылымда миссионердик кызматка жиберген негизги жыйын кайсы?**

   Антиохея жыйыны.

9. **Иерусалим жаңы ишенип калган бутпарастарга койгон 4 талапты санап бергиле.**

   Буркандарга багышталган эттен качуу
   Каны агызылбагандан качуу
   Каны бар эттен качуу.
   Ойноштуктан качуу.

**10.** **Пабыл менен Барнабанын ортосундагы келишпестик кандай жакшы жыйынтыктарга алып келген?**
Сылас жыйындын баалуу кызматкери болуп калган.
Пабыл менен Барнаба өз-өзүнчө иштерди аткаруу менен эки эсе көп жумуш бүтүрүшкөн.

**5-сабак**

1. **Римдиктерге катынын жазылышынын үч максатты атап бергиле.**
   Азыркы максат: Жүйүт жана бутпарас машайакчылардын ортосундагы мамиле.
   Жеке түрткү: Пабылдын Италиядагы жакшы кабар кампаниясын колдоо.
   Акыркы максат: Кудай алдында кантип акталарыбызды үйрөтүү.

2. **Римдиктерге катынын киришүүсүндө жазылган Жакшы Кабар жөнүндөгү 4 чындыкты санап бергиле.**
   Бул Байыркы Келишимдеги пайгамбарчылык болгон.
   Ыйса толугу менен Кудайдын Уулу жана Машайак болгондугун үйрөтөт.
   Бул ишенип калгандардын бардыгы үчүн куткарылуу күчү.
   Ишенип калгандарга Кудайдын адилдигин ачып берет.

3. **Римдиктерге 1-3тө айыпталган адамдардын үч түрүн санап бергиле.**
   Бутпарастар Моралисттер Жүйүттөр

4. **Пабыл Римдиктерге 6-бөлүмдө ырайым көбөйүш үчүн биз күнөөдө жашашыбыз керекпи деген суроого кандай жооп берет?**
   Биз Ыйса менен чөмүлдүрүү алганда, күнөө үчүн өлөбүз жана кайрадан күнөөдө жашай албайбыз.

5. **Римдиктерге 7:7-25тин кайсы үч чечмелөөсү бар?**
   Пабыл кадимки машайакчынын жашоосун баяндайт.
   Пабыл ыйыкталбаган ишенүүчү жөнүндө баяндайт.
   Пабыл эсине келген күнөөкөр жөнүндө баяндайт.

6. **Пабыл Ысрайлдын ишенбестиги жөнүндөгү үч көйгөйгө үч чындык менен жооп берет. Аларды санап бергиле.**
   Кудайдын убадалары ишенгендерге *гана* таандык.
   Ысрайыл өзүнүн ишенбестиги үчүн четке кагылган.
   Ысрайылдын четке кагылуусу биротоло эмес.

7. **Римдиктерге 12-15 боюнча Кудайдын адилдигин тажырыйбада кантип колдонсо болорун көрсөткөн ыкмаларды санап бер.**

Каалаган үчөө:

Бизде бар болгон руханий жөндөмдүүлүктөрдү, башкаларга кызмат кылуу үчүн колдонуу.

Башкаларга биз машайакчы экенибиз көрүнүп тургандай кылып мамиле кылуу.

Бийликтегилерге баш ийүү.

Мыйзамды сүйүү менен аткаруу.

Бир тууганыбызды соттобостон, эркиндик прицибин иш жүзүндө колдонуу.

Эркиндикти колдонуп, алсыз бир тууганыбызды азгырбагыдай болуп сүйүү прицибин ишке ашыруу.

Ыйсанын үлгүсүн тууроо.

**6-сабак**

1. **Эмне үчүн Корунт шаары Пабылдын жакшы кабар таратуудагы стратегиясында маанилүү шаар болгон?**
   Анын жайгашкан орду империядагы бардык кемечилерди өзүнө тартып турган.

2. **Корунттагы жыйындарды негиздөөдө Пабыл менен чогуу ким эмгектенген?**
   Акила жана Прискила.

3. **Корунттагы кайсы көйгөйлөр 1 Корунттуктарга катын жазууга себеп болгон?**
   Жыйындардын бөлүүнүсү, көз көрүнөө күнөөгө чыдамдуулук, Пабылдын абройуна шек келтирүү.

4. **Корунттуктарга катында кайсы фраза Пабыл жооп берген ар бир суроонун киришүүсү болгон?**
   «жөнүндө, тууралуу»

5. **Пабыл 2 Корунттуктарга катында жазган үч теманы санап бергиле?**
   Пабылдын элчилигин коргоо.
   Пабылдын кадыр баркын коргоо.
   Пабылдын үчүнчү жолу барууга планы.

6. **Галатиялыктарга каты кандай максат менен жазылган?**
   Жүйүтчүлөрдүн жалган окутуусунан тескери бурулуп, сүйүү мыйзамына кайтып келүүгө чакыруу.

7. **Жүйүтчүлөрдүн жалган окутуусу кандай болгон?**
   «Биз ишеним кошулган мыйзам иштери менен куткарылганбыз»

8. **Галатиялыктарга кандай тандоо берилген?**
   Машайакта болгон эркиндик же дененин калоолору.

9. **Мыйзамчылга аныктама бергиле.**
   Куткарылуу алыш үчүн, Кудайдын мыйзамдарына баш ийген адам.

**10. Пабыл мыйзамчылдыкка каршы жүйөөлөрдү келтирүүдө колдонгон төрт нерсени санап бергиле?**

Пабылдын жеке тажрыйбасы.
Галаттыктардын тажрыйбасы.
Ыбрайымдын тажрыйбасы.
Мыйзамдын өзү.

## 7-сабак

1. **Түрмөдөгү каттар качан жана кайдан жазылган?**
   Римде 60-жылдардын башында.

2. **Эмне үчүн Эфестиктерде жеке салам узатуулар жок?**
   Анкени бул айланып жүрүүчү кат болгон, аны колостуктар менен бөлүшүш керек болчу.

3. **Эфестиктерге катындагы эки чоң бөлүктү атагыла.**
   Доктрина: Кудай жыйын үчүн эмне кылган.
   Колдонуу: Кудай жыйында эмне кылат.

4. **Куткарылуудагы үчбирдиктин ар биринин ролун атап бергиле? (Эфестиктерге 1)**
   Ата: Тандап алуу.
   Уул: Актоо.
   Рух: Сактоо.

5. **Эфестиктерге 3кө ылайык «жакшы кабардын сыры» эмнеде?**
   Жүйүт менен бутпарастардан турган дене кылып жыйынды жаратуу.

6. **Филипи жыйыны туш болгон эки коркунучту атагыла.**
   Жүйүтчүлдөрдүн сырткы соккулары.
   Ич ара бөлүнүүлөр.

7. **Филипиликтерге 2деги «өзүн басынтуу» деген эмнени билдирет?**
   Ал адам болгон, бирок кудайлыктан баш тарткан эмес.

8. **Колостогу жалган окутууга кайсы үч нерсе таасирин тийгизген?**
   Ортодоксалдык жүйүт окутуусу.
   Жүйүттүк мистицизми.
   Бутпарастардын ырым-жырымдары.

9. **Синкретизмге аныктама бергиле.**
   Бир нече диндин аралашмасы

**10. Түрмөдөн жазылган каттардын бүгүнкү күндө жыйын үчүн пайдалуу болгон үч аспектисин атагыла.**

Доктрина күнүмдүк жашообузда колдонулушу керек.
Руханий жашоо чындык, бирок Машайак мурун эле жеңишке ээ болгон.
Элдешүү жакшы кабары иш жүзүндө жана реалдуу дүйнөдө көрүнүп турушу керек.

## 8-сабак

1. **Тесалоника жыйыны кандай жагдайда негизделгенин сүрөттөп бергиле.**
   Жүйүттөр тарабынан бат-бат каршылык болуп турганда.

2. **Пабыл каршылыкка туш болгон Тесалоника жыйынын шыктандырган үч ыкманы санап бергиле.**
   Пабыл алар үчүн сыйынып жатат деген ынандыруусу.
   Пабылдын азап тартуусу жөнүндө эскертүү.
   Ишенидүү болгону үчүн ыраазычылык.

3. **Пабыл тесалоникалыктарга Машайактын кайтып келүүсүнүн убактысы жана мөөнөтү жөнүндө эмнелерди айткан?**
   Бул жөнүндө жазуунун кереги жок.

4. **Пабыл ыйыкталуу жөнүндө так шыктандыруу берет. Ал бул жөнүндө эмне деп айтат?**
   Ыйык болууга чакырган Кудай, бул ишти өзү аткарат.

5. **Эгер 1 Тесалоникалыктардын негизги кабары – «Машайак кайтып келет» болсо, 2 Тесалоникалыктардын негизги кабары кайсы?**
   Машайак али келе элек.

6. **Эгер биз Пабылдын үлгүсүн жолдосок, Экинчи келүү жөнүндөгү биздин насаатыбыздын негизги кабары эмнеден турат?**
   Экинчи келүүсүнө даярданып, бүгүн кандай жашашыбыз керек.

**9-сабак**

1. **Жетекчилерге жазылган каттардын болжолдуу убактысы кайсы?**
   Алар б.з. 64-67 жылдардын ортосунда жазылган.

2. **2 Тиметейге жана Титке каттарынын мазмуну Пабылдын авторлугун кантип далилдейт?**
   Төмөндөкүлөрдүн ичинен калааганы:
   кесиптештерине жеке шилтемелер
   келечекке пландар
   Пабылдын жакындап келе жаткан өлүмүнө шилтемелер

3. **Пабыл 1 Тиметейге катын кандай максат менен жазган?**
   Тиметейге акыл насаатын айтуу жана шыктандыруу.

4. **Пабылдын күбөлөндүрүсү жалган окутуучулар менен болгон жагдайда Тиметейге кандай шыктандыруу берген?**
   Пабыл Жакшы Кабардын каршылашы болгон, бирок ырайымга ээ болгон. Бул адамдардын жашоосун өзгөрткөн Машайактын күчүн көрсөтөт.

5. **Алгачкы жыйындагы эки кызматты атап, аларга аныктама бергиле?**
   Эпископтор окутушкан жана насаат айтышкан. Алар кой короонун руханий муктаждыктары үчүн кам көрүшкөн.
   Диакондор денелик кызмат жагына жоопкерчиликтүү болушкан.

6. **Титтин Пабыл менен мамилеси кандай болгон?**
   Кыязы Тит Пабыл кызмат кылып жүргөн учурда ишенимге кайрылып калган, ал бутпарас болгон жана анын жардамчысы болуп калган.

7. **Пабыл Титке катын кандай максаты менен жазган?**
   Жергиликтүү жыйынды түзүү үчүн Титке багыт берүү.

8. **Пабыл Титке жазган катында жакшы иштерди кылуу үчүн кайсы эки мотивацияны келтирет?**
   Кудайдын сөзүнө тил тийбеш үчүн
   Алар Кудайдын окутуусуна жасалга болушу үчүн

9. **Жакан Марк менен болгон окуя Пабылдын 2 Тиметейдеги ишенимдүүлүк тууралуу ой жүгүртүүлөрүнө кантип мисал болуп бере алат?**
   Жакан Марк бир жолу Пабылдын миссионердик тобун таштап кеткен, бирок 15 жыл өткөндөн кийин ал өзүнүн арналгандыгын жана ишенимдүүлүгүн көрсөткөн.

**10. Жыйын жетекчилерине жазылган каттар бүгүнкү жыйындарга кандай төрт ыкма менен кайрыларын атагыла.**

Туура доктринанын маанилүүлүгү.
Жыйын жетекчилеринин кесиптик мүнөздөмөлөрү.
Жакшы Кабарды кабыл алуунун натыйжасы катары жакшы иштердин маанилүүлүгү.
Өмүр бою ишенимдүү болууга чакыруу

**10-сабак**

1. **Эмне үчүн Эврейлерге катынан баштап Жүйүткө чейинки китептер Жалпыга кат деп аталат?**

   Алар белгилүү бир адамдардын тобуна даректелген эмес, балким Пабыл аларды биз жакшы билбеген адамга жазган.

2. **Пабылдын авторлугун колдогон эки аргументти атагыла.**

   Каалаган экөөнү:

   Жеке инсандыгына басым жасоо жана Машайактын эмгеги.

   Автордун Тиметей менен барлашуусу.

   Акыркы бөлүмдөгү баталар.

3. **Пабылдын авторлугун четке каккан эки аргументти атагыла.**

   «Машайак Ыйса» деген фраза колдонулбайт.

   Пабылдын башка каттарындагыдай саламдашуулар жок.

4. **Эврейлерге китеби Байыркы Келишимге урмат көрсөткөн эки ыкманын атагыла.**

   Эврейлер 11 деги Байыркы Келишимдеги каармандар.

   Эврейлерге катында жазылган сабактар, Байыркы Келишимдин тексттерине негизделген.

5. **Эмне үчүн Жаңы Келишим Байыркы Келишимден жакшыраак?**

   Жаңы Келишим – Байыркы Келишимде берилген убаданын аткарылышы.

6. **Ишенимден четтөө менен Кудайдан алыстоонун кандай айырмасы бар?**

   Күнөө кылуунун айынан же ишенимдин жетишпестигинен Кудайдан алыстап кетүү мүмкүн, ишенимден четтөө деген – билип туруп машайакчылык ишенимден баш тартуу.

7. **Ыйсанын иниси Жакып, Ыйса Машайак экенине качан ишенип калган?**

   Ыйса тирилгенден кийин.

8. **Саламдашууга караганда, Жакыптын катынын божомолдуу окурмандары ким болгон?**

   Иерусалимдин сыртында Иудеяда жашаган машайакчы-жүйүттөр болгон.

9. **Бир абзацта Жакып 2:24 менен (адам ишеним менен гана эмес, иштери менен да акталат) Римдиктерге 3:28дин (адам мыйзамдын иштери жок эле, ишеним менен гана акталат) ортосундагы байланышты көргөзгүлө.**
   Жакыптын каты ишенимди акыл-эс менен таанып билүү катары караган адамдарга даректелген. Римдиктерге каты куткарылууга иштер менен ээ болууга аракет кылгандарга даректелген. Жакып чыныгы ишеним натыйжада өзгөрүлгөн жашоого алып келерин көрсөтөт.

10. **Антиномиализмге аныктама бергиле.**
    Машайакчыларга этикалык же моралдык мыйзамдарга баш ийүүнүн кереги жок экенин ырастаган жалган окутуу.

**11-сабак**

1. **Петирдин саламдашуусунда, «Бабыл» эмнени билдирет?**
   Бул Кудайдын душманы катары Рим жөнүндө айтылат.

2. **1 Петирде жыйынга келтирилген кайсы негизги коркунучка көңүл бурулат?**
   Куугунтуктоо.

3. **2 Петирде жыйынга келтирилген кайсы негизги коркунучка көңүл бурулат?**
   Жалган окутуу.

4. **2 Жакандагы «тандалган мырзайым» деген сөздөрдүн чечмеленүүсүнүн эки вариантын айтып бергиле.**
   Үйүндө жыйын чогулган аял.
   Жергиликтүү жыйын жана анын мүчөлөрү.

5. **1 Жакандагы күнөө жөнүндөгү окутуудан эки чындыкты атагыла.**
   Кудай жеңиштүү өмүр сүрүү үчүн күч берет.
   Кудай кулап калып кайра тобо кылгандарга, кечирүүчү ырайымын берет.

6. **1 Жаканга ылайык, Кудайдын ар бир уулунан же кызынан кайсы үч мүнөздү көрө алабыз?**
   Чындыкка баш ийүү.
   Билип туруп кетирген күнөөнүн жок болушу.
   Башка машайакчыларга болгон сүйүү.

7. **3 Жакандын жазылган негизги максаты кайсы болгон?**
   Машайакчылык меймандостукка үйрөттүү.

8. **Жүйүттүн Ыйса менен мамилеси кандай болгон?**
   Апасы тараптан бир тууган болгон.

## 12-сабак

1. **Биринчи кылымдагы «Caesar is Dominus et deus noster» деген сөздөр эмнени билдирген?**
   Цезарь – биздин Теңирибиз жана Кудайыбыз.

2. **Патмос аралы кайсыл жерде жайгашкан?**
   Эгей деңизиндеги кичинекей арал.

3. **Аян китебинин божомолдуу жазылган убактысы?**
   Домициан башкарган акыркы жылдар ( б.з. 81-96 жылдары).

4. **Жакан Ыйса – Теңир деген кабарды жеткирүүдө колдонгон үч ыкманы атап бергиле.**
   Жети жыйынга кабар.
   Тактыдагы Кудайды жана салтанат курган Козу катары Ыйсанын көрүнүшү.
   Асмандын көз карашы менен тарыхка болгон көз караш.

5. **Апокалиптик адабияттын эки мүнөздөмөсүн атап бергиле.**
   Символдордун колдонулушу.
   Көрүнүштөрдү колдонуу.

6. **Аян китебине карата төрт көз карашка кыскача аныктама бергиле.**
   Претеристик көз караш: Аян китебиндеги окуялар Рим империясында болгон.
   Тарыхый көз караш: Аян китеби – бул жыйындын тарыхына символикалык көз караш.
   Идеалистик көз караш: Аян китеби – жакшылык менен жамандыктын ортосундагы согуштун символдору гана.
   Футуристикалык көз караш: Аян 4-22 – бул келечек.

7. **Футурустикалык чечмелөөнүн ыкмаларына болгон төрт көз карашты атап бергиле?**
   Классикалык премилеанизм.
   Диспенсациялык премилеанизм.
   Постмилеанизм.
   Амилеанизм.

8. **Аян китебиндеги үч негизги теманы санап бергиле.**
   Ыйса -Теңир
   Кудай баардыгын көзөмөлдөп турат.
   Кудай элинин жеңиши.

**13-сабак**

1. **Жаңы Келишимге байланыштуу «канон» деген сөз эмнени билдирет?**
   Жазуу Кудай тарабынан шыктандырылгандыгын аныктоо үчүн чен өлчөм эрежеси.

2. **Жаңы Келишим канонун түзүүнүн эки себебин атагыла.**
   Жалган окутуу.
   Куугунтуктоо.

3. **Жаңы Келишимдеги канонду аныктоо үчүн үч чен өлчөмдү атагыла.**
   Автор элчи болушу керек же элчилер менен тыгыз мамиледе болуш керек.
   Кабар Байыркы Келишимге каршы чыкпашы керек. Ал Ыйсанын окутуусуна туура келиши керек жана руханий өстүрүшү керек.
   Китеп бардык жыйын тарабынан кабыл алынышы керек.

4. **«Апокриф» деген сөзгө аныктама бергиле.**
   Машайакчылык ыйык китеп деп жарыяланган, бирок жыйын тарабынан четке кагылган китептер.

5. **Жалган окутууга каршы турган эки алгачкы машайакчыны атагыла.**
   Тертуллиан
   Ириней

6. **Жаңы Келишимге карата «тексттин ишенимдүүлүгү» деген термин кайсы суроого тийешелүү?**
   Биздин текст байыркы нукура кол жазмаларга туура келеби?

7. **Жаңы Келишим жана «Илиада» байыркы кол жазмаларынын далилдерин салыштыргыла. Илиаданын 643 кол жазмасы менен салыштырууда, Жаңы Келишимдин 5000ден ашык кол жазмасы.**
   Эн алгачкы ЖК дин колго жазылган нускасы алар жазылгандан кийин100 жылдарга туура келет. Илиаданын эң алгачкы кол жазмасы ал жазылгандан кийин 500 жылдарга туура келет.